Окуу жылынын ичинде каникулдардын созулушу 30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык күндөн кем эмести түзөт. Биринчи класстын окуучуларына окуу жылынын ичинде кошумча бир апталык каникулдар берилет.

Биринчи классында сабактын созулушу 40 минутаны, ал эми экинчиден он биринчи класстарга чейин 45 минутаны түзөт.

Мектеп жылдык (календардык) окутуу жүгүртмөсүн билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашып, бекитет.

11.Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган жалпы билим берүү уюмдарынын ишин мамлекеттик контролдоону билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органдары жүргүзөт.

12.Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп жаңы типтеги жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тартипте беш жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациядан (аккредитациясы) эсептелинет.

## 6. Билим берүү процессинин катышуучулары

1.Мектептин окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары-мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

2.Мектептин бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалымкаттарынын негиздеринде мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт.

3.Мектеп кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да жердиктүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

## 7. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

-мектептин ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
-кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү таризде алууга;
-жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
-Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотраспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;
-уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
-балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
-инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
-жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б укуктуу.

## 8. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү;

-мектептин уставын тутууга жана аткарууга;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
-Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
-ички тартипти сактоо боюнча мектептин, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;
-мектептин мүлкүнө этиеттик мамиле кылууга милдеттүү.

Окуучуларга карата кара күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат.